Бишкек шаары, Өкмөт Үйү
2009-жылдын 22-сентябры ПЖ N 358

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ЖАРЛЫГЫ

## Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилинин Күнүн белгилөө жөнүндө

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилинин конституциялык статусун чыңдоо, анын социалдык-коомдук маанисин жогорулатуу, ошондой эле кыргыз элинин руханий дөөлөттөрүн жана маданий-тарыхый мурастарын кеңири жайылтуу максатында токтом кылам:

1. 23-сентябрь Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилинин жыл сайын белгиленүүчү Күнү катары белгиленсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өз чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

Кыргыз Республикасынын Президенти К.Бакиев